ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА

BULLETIN OF OSH STATE UNIVERSITY

**ISSN: 1694-7452 e-ISSN: 1694-8610**

№3/2025, 56-74

***ТАРЫХ***

**УДК: 929.53:353**
**DOI:** 10.52754/16948610_2025_3_0_5

# ТОКМОК ҮЙӨЗҮНДӨГҮ САЯК БОЛУШТУГУНУН АЛГАЧКЫ БАШЧЫЛАРЫ ЖАНА БИЙЛЕРИ (1868-1888-ЖЫЛДАР)

# ПЕРВЫЕ ВОЛОСТНЫЕ УПРАВИТЕЛИ И АУЛЬНЫЕ БИИ САЯКОВСКОЙ ВОЛОСТИ ТОКМАКСКОГО УЕЗДА (1868-1888 ГГ.)

# FIRST VOLOST ADMINISTRATORS AND VILLAGE BIIS OF SAYAK VOLOST, TOKMOK UYEZD (1868–1888)

**Молдожунусов Кыргыйбек**
*Молдожунусов Кыргыйбек*
*Moldojunusov Kyrgyibek*

**илимий кызматкер, КР Президентине караштуу УИАнын Б.Жамгырчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту**
*научный сотрудник, ИИАЭ им. Б.ДЖамгерчинова Национальной академии наук при Президенте КР*
*Researcher, the Institute of History, Archeology and Ethnology of the National Academy of Sciences under the President of the Kyrgyz Republic*
mr.moldojunusov@gmail.com
ORCID: 0009-0008-3625-9029

# ТОКМОК ҮЙӨЗҮНДӨГҮ САЯК БОЛУШТУГУНУН АЛГАЧКЫ БАШЧЫЛАРЫ ЖАНА БИЙЛЕРИ (1868-1888-ЖЫЛДАР)

**Аннотация**

Бул макалада колониалдык мезгилдеги Түркстан генерал-губернаторлугунун Жетисуу облусуна караштуу Токмок үйөзүндөгү Саяк болуштугунун 21 жылдык саясий тарыхы баяндалат. Бул маалыматтар Кыргызстандын азыркы Нарын облусундагы Ак-Талаа районунун жана ага чектешкен Жалал-Абад облусундагы Тогуз-Торо районунун 1868-1888-жылдардагы тарыхын чагылдырмакчы. Изилдөөнүн жүрүшүндө бул жылдары Саяк болуштугунда чекирсаяк уруусунун чоро уругунан, айрыкча жанболот уулдарынан үч жыл сайын болуштар шайланып тургандыгы аныкталды. Ошондой эле, бул болуштукта басыз, моңолдор урууларынын, чекирсаяктардын ыман уругунун өкүлдөрү жашап, алардын дагы өз бийлери шайлоолорго активдүү катышып тургандыгы билинип, ошол бийлердин аты-жөнү жана санжырасы такталды. Орусия империясы каратып алганга чейинки кыргыз уруу башчыларынын, мисалы Тайлак баатырдын уулу Осмон датка сыяктуу тарыхый инсандардын 1867-1868-жылдардагы административдик реформадан кийинки саясий турмуштагы ишмердүүлүгү дагы бул макалада каралмакчы.

***Ачкыч сөздөр:*** Кыргызстан XIX кылымда, Токмок дубаны, Осмон датка, Саяк болуштугу, административдик тарых, болуштар, бийлер

## *ПЕРВЫЕ ВОЛОСТНЫЕ УПРАВИТЕЛИ И АУЛЬНЫЕ БИИ САЯКОВСКОЙ ВОЛОСТИ ТОКМАКСКОГО УЕЗДА (1868-1888 ГГ.)*

**Аннотация**

Статья посвящена исследованию политической истории Саяковской волости Токмокского уезда в составе Семиреченской области Туркестанского генерал-губернаторства за период 1868–1888 гг. Проведен системный анализ административного устройства современных Ак-Талинского и Тогуз-Тороуского районов Кыргызстана. Выявлено, что должности волостных управителей преимущественно занимали потомки Жанболот-батыра, рода чоро племени чекирсаяк. Кроме того, освещается участие представителей других племен, таких как басыз, с уточнением имен и родословных биев. Особое внимание уделено роли ключевых исторических личностей, включая Осмон-датку, сына Тайлак-баатыра, в политической жизни региона после административной реформы 1867–1868 гг.

***Ключевые слова:*** Кыргызстан в XIX веке, Токмакский уезд, Осмон датка, Саяковская волость, административная история, волостные управители, бии

## *FIRST VOLOST ADMINISTRATORS AND VILLAGE BIIS OF SAYAK VOLOST, TOKMOK UYEZD (1868–1888)*

**Abstract**

This article examines the first volost administrators and village biis of Sayak Volost in Tokmok Uyezd during 1868–1888. It analyzes the administrative structure of the present-day Ak-Talinsky and Toguz-Toro districts of Kyrgyzstan, showing that volost administrators were predominantly descendants of Zhanbolot-batyr of the Choro clan of the Chekirsayak tribe. The study also considers the participation of other tribal representatives, such as Basyz, clarifying their names and genealogies, and highlights the role of key historical figures, including Osman-datka, son of Taylak-baatyr, in the political life of the region following the administrative reforms of 1867–1868.

***Keywords:*** 19th century Kyrgyzstan, Tokmok Uyezd, Osmon datka, Sayak Volost, Administrative history, Volost administrators, Village Biis

**Кириш сөз**

Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан бери анын ар бир чеги, ар бир району тарыхчылар тарабынан терең изилдөөлөргө муктаж болуп келет. Көптөгөн административдик бирдиктердин тарыхы XX кылымда эмес, андан мурдагы XIX кылымда башталгандыгын, алтургай айрымдарынын негизделиш тарыхын орто кылымдарга байланыштырса болот экендигин тарыхый булактар менен далилдесе болот. Административдик тарыхты изилдөөдө XIX кылымдын экинчи жарымына тиешелүү архивдик материалдардын мол болгондугу бул мезгил боюнча терең изилдөө кылууга мүмкүнчүлүк берет. Ага карабастан, Орусия империясынын Түркстан генерал-губернаторлугунда жүргүзгөн 1867-1868-жылдардагы административдик реформасынан кийинки кыргыз жериндеги өзгөрүүлөр жана кийинки кыргыз уруу башчылары жөнүндө жетиштүү изилдөөлөр болбой келет. Бул мезгилди изилдөөнүн дагы бир кызыктуу тарабы тарыхый инсандарга байланыштуу. Мисалы, орустар келгенге чейинки атактуу кыргыз баатырлары Тайлак баатыр, Ормон хан, Алымбек датка жана башкалардын уулдары жана неберелери реформадан кийинки саясий турмушта кандай роль аткарышкандыгы да ушул мезгилдин архивдик документтери менен аныкталат.

Тайлак баатырдын уулу Осмон датканын ээлиги азыркы Ак-Талаа жана Тогуз-Торо райондорунун ордунда болгон жана андан 1868-жылы Саяк болуштугу деген административдик бирдик уюшулган. Негизинен чекирсаяк уруусунун чоро жана ыман уруктары, ошондой эле басыз, моңолдор уруусунун өкүлдөрү жашаган бул болуштук боюнча буга чейин терең изилдөө болгон эмес. Бул изилдөөдө Саяк болуштугунда үч жыл сайын шайланып турган болуштардын жана алардын кандидаттарынын (орун басарларынын), ошондой эле айыл бийлеринин аты-жөнүн жана санжырасын талдап, тактап чыгуу *максат* кылынды. Бул үчүн болуштуктун административдик түзүлүшүн, болуштук шайлоолордогу уруу башчылардын ордун, айыл бийлеринин башкарууга катыштыгын изилдөө *милдети* алдыга коюлмакчы.

**Булактар жана методдор**

Болуштуктарды изилдөөдө тарыхый булак катары ошол доорду күбөлөндүргөн архивдик документтер жана ошол мезгилде чыгып турган басылмалар жана өзгөчө ролду ойнойт. Бул изилдөөдө Казакстан Республикасынын борбордук мамлекеттик архивинен алынган Жетисуу облусунун Токмок үйөзүнө тиешелүү архивдик материалдар пайдаланылды. Ошондой эле, XIX кылымдын 70-жылдарында жазылган статистикалык комитеттин берген маалыматтары, Верный шаарынан чыгып турган «Публикации по Семиреченской области и Кулджинскому району» жана «Семиреченские областные ведомости» гезиттеринин 1871-1888-жылдар аралыгындагы сандары дагы негизги булактардын ордун толуктайт. Андан тышкары, болуш (болуштук башкарма), кандидат (болуштун орун басары), бий кызматтарында турган тарыхый инсандардын генеалогиясын тактоодо XX кылымдын башында жана андан кийин жазылган кыргыз санжырачыларынын эмгектерине кайрылабыз. Изилдөөдө салыштырма-тарыхый талдоо, генеалогиялык метод жана административдик реформаларды талдоо усулу колдонулду. Саяк болуштугунун тарыхы бул изилдөөдө хронологиялык жактан 1868-жылдан 1888-жылга чейин каралат.

**Изилдөөнүн жыйынтыктары**

***Чекирсаяк уруусунун чоро уругу XIX кылымдын ортосуна чейин***

Саяк жана чекирсаяк урууларынын санжырасы боюнча эң эски кол жазмалар Ы.Абдрахманов, Тоголок Молдо (Б.Абдрахманов), М.Молдобасанов, Үмөт Молдо (Ү.Түгөлбай уулу), А. Чоробаев сыяктуу жана башка санжырачыларга таандык. С.Абрамзон чекир-саяк деп жазган уруунун аталышын кээ бир санжырачылар «чакыр» деп дагы жазышкан. Ы.Абдрахмановдун жазганына караганда, Саяктан Чакыр, андан Үчкуртка, Түгөл жана Керимкул деген 3 уул болгон. Үчкурткадан *ыман, кулжыгач, чоро* уруктары тараса, Түгөлдөн *курманкожо уругу*, ал эми Керимкулдан *алагөз уругу* тараган (Абдрахманов, 1944а, 21-22-б). Кулжыгач жана курманкожо уруктары негизинен Жумгал өрөөнүндө жашашса, алагөз уругу Ысык-Көлдүн батыш бөлүгүндө, ал эми чоро жана ыман уруктары Ак-Талаанын түндүк бөлүгүндө жашап келишкен. Дал ушул чоро, ыман уруктарынан жана алар менен аралаш жашаган уруулардын өкүлдөрүнөн 1868-жылы Саяк болуштугу уюшулган.

Чоро уругунун келип чыгыш санжырасын Ы.Абдрахманов төмөнкүчө берген: Чакырдан Үчкуртка, андан Кудайберди, андан Чоро, андан Карга менен Тоймат (Абдрахманов, 1944а, 21-24-б.). Бирок, Ы.Абдрахманов Тойматтан кийин Жанболот баатырды эскербей, кийинкилерин ката жазган. Андан аркысын ага караганда Тоголок Молдо менен М.Мусулманкулов тагыраак көрсөтө алышкан. М.Мусулманкуловдун жазганы боюнча, Эрмамет уулу Чекир молдодон 2 уул: Карга менен Тоймат (Мусулманкулов, 1947, 32-38-б.). Саяктардын санжырасын тактоодо Тоголок Молдонун жазгандары баа жеткис, анткени ал өзү ушул Саяк болуштугунан чыккандыктан, көптү билген. Анын жазганы боюнча, Чекир молдодон Куртка, андан Кудайберди, андан Чоро, андан Марка менен Барчык. Барчыктан 4 уул: Карга, Тоймат, Жорукту жана Кубуш (Тоголок Молдо, 1994, 59-б.). М.Мусулманкулов Тоймат бийден Жанболот баатыр гана болгондугун айтса, Тоголок Молдо анын Чымынтай деген бир тууганын дагы көрсөтөт. *Тоймат уулу Жанболот бий* реалдуу тарыхый инсан болгондугун анын кытай жазма булактарындагы XVIII 80-90-жылдарына байланышкан окуяларда эскерилгендигинен улам биле алабыз (ККТБ, 2003, 217-218-б.).

Тойматтын Коңур деген байбичесинен туулган балдардан коңур уулу деген топ тараган. М.Мусулманкулов Жанболоттун экинчи аялын Сары катын десе, Тоголок Молдо аны «саруудан алган байбичеси» деп жазат. М.Мусулманкулов Жанболоттун бир аялынан деп, Атантай, Тайлак, Ырыскул жана Ырысменде ни жаңылыштык менен бир тууган кылып көрсөтөт. Ы.Абрахманов Тайлак баатыр боюнча жазган башка бир кол жазмасында Жанболоттон Ырыскул, андан Тайлак баатыр болгондугун туура көрсөткөн (Абдархманов, 1944б, 1-б.). Ал эми Тоголок Молдо бардыгын тактап көрсөтүп берген. Анын жазганы боюнча, Жанболоттун 2-аялынан Кожоберди, Байбагыш жана Ырыскул деген 3 уул, 3-аялынан Ырысменде жалгыз, ал эми казак элинен болгон Алтын байбиче деген 4-аялынан Дербишалы, Эралы жана Бегалы деген 3 уулу болгон (Тоголок Молдо, 1994, 63-б.). Чоро уругунда Жанболоттун бир аялынан туулган уулдары атасынан кийин бийликти мурастап калышкандыгын байкасак болот. *Жанболот уулу Байбагыш бий* дагы атасы сыяктуу бий катары кытай жазма булактарында XIX кылымдын 20-жылдарындагы Жааңгер кожого байланыштуу окуяларда эскерилген (Ханзу... 2004, 654-666-б.). Андан кийин чоро уругундагы бийлик Байбагыштын бир тууганы Ырыскулдун уулдарына, тагыраагы Тайлак баатырга жана анын уулу Осмон даткага өткөндүгүн билебиз (Валиханов, 1985, с. 78). *Ырыскул уулу Тайлак баатырдын* саясий ишмердүүлүгү XIX кылымдын 20-30-жылдарына туура келсе, ал эми *Тайлак уулу Осмон датка* 40-60-жылдар бою Ормон хандын, Алымбек

датканын, Алымкул лашкербашынын саясаттарын колдогон күчтүү уруу башчылардан болгон.

***Саяк болуштугунун түзүлүшү жана анын биринчи үч жылдык мөөнөттөгү башчылары (1868-1870-жылдар)***


Кыргызстандын түндүгүндөгү Ысык-Көл жана Чүй аймактары XIX кылымдын 60-жылдарынын биринчи жарымында Орусия империясына каратылып, административдик жактан Оренбург генерал-губернаторлугунун Түркстан облусуна киргизилгендиги маалым. Ал эми Ормон хандын уулу Үмөтаалы манап багынып бергенден кийин 1867-жылы Нарын аймагындагы уруулар дагы орустардын бийлигин тааныган. Ошол эле 1867-жылы өзгөчө комиссия тарабынан «Түркстан крайын башкаруу боюнча жобо» иштелип чыгып, Аскер министрлигине баш ийе турган Түркстан генерал-губернаторлугу түзүлгөн. Генерал-губернаторлук өз ичинен Жетисуу (Семиречье) жана Сыр-Дарыя облустарына, алар болсо өз ичинен үйөздөргө (уезд) бөлүнгөн. Натыйжада Жетисуу облусунун эки үйөзү Кыргызстандын аймагында болуп, Ысык-Көл аймагы *Ысык-Көл үйөзүнө* кирсе, ал эми Чүй жана Нарын аймагы *Токмок үйөзүнө* кирген. Ал эми Талас аймагы жана Кетмен-Төбө менен Чаткал административдик жактан Сыр-Дарыя облусунун *Олуя-Ата үйөзүнө* кирип калган (Джамгерчинов, 1966, с. 261-284). Үйөздөр азыркы түшүнүктөгү облустарга тете болгон десек болот. Ал кездеги кыргыздар «уезд» сөзүн «үйөз», «ойоз» же «дубан» деп дагы айтышкан.

Жобого ылайык, үйөздөр болуштуктарга (волость), алар өз ичинен айылдарга бөлүнгөн. Жергиликтүү калктардан 200 түтүнгө чейинкилеринен бир айыл, 2000 түтүнгө чейинкилеринен бир болуштук уюштурулган жана алар өз башчыларын 3 жыл сайын бир жолу шайлоого укуктуу жана милдеттүү болушкан. Элдин ичинен 50 түтүн бир старшина шайлап, ал өз шайлоочуларынан атынан бийлерди жана болушту шайлоого катышышкан. Бирок, бул өкүлдөрдүн бардыгы мурунку аксөөк тукумдардан тандалып турушкандыктан, ал кездеги шайлоолор формалдуу мүнөздө гана жүргөн. Шайланган талапкерлерди облустун башчысы – аскер губернатору бекиткен. Айыл бийлеринин колунда үрп-адат менен каралуучу сот бийлиги да болгон жана кээ бир учурларда сот иштери бийлердин съезддеринде (топтордо) да каралып турган. Андан башка империянын мыйзамдары менен карай турган үйөздүк соттор жана Түркстан сот палатасы да болгон (Джамгерчинов, 1966, с. 284-285).

Жаңы уюшулганда Түркстан генерал-губернаторлугун башкарууга К.П. фон Кауфман дайындалса, ал эми Жетисуу облусун башкарууга аскер губернатору болуп Г.А.Колпаковский дайындалган. Ошондо Токмок үйөзүн башкарууга начальник болуп майор Загряжский дайындалгандыгы маалым (Сапаралиев, 2004, с. 9-15). 1868-1870-жылдардагы биринчи үч жылдык мөөнөттө Токмок үйөзүнө кыргыздардын 14 болуштугу жана казактардын 5 болуштугу кирип турган. Алардын ичинен Нарын аймагында Эсенгул, Борукчу, Курманкожо, Кулжыгач, Нарын жана Саяк болуштуктары түзүлгөн болчу (Ежегодник... 1872, с. 167-175). Саяк болуштугунун аймагы азыркы Нарын облусунун Ак-Талаа районунун жана ага чектешкен Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районунун аймактарына туура келген. Саяк болуштугундагы калктын кыштоолору Нарын дарыясынын оң өйүзүндөгү Куртка суусунун жана сол өйүзүндөгү Актал, Дөрбөлжүн, Чолок-Кайың, Туткуй, Коңорчок жана Терек сууларынын жээктеринде болгон. Ал эми жайлоого ушул

суулардын башатындагы тоолорго чыгышкан. 1871-1872-жылдарга тиешелүү бир маалыматка караганда Саяк болуштугу 1285 түтүндөн турган жана анда саяк уруусунун чоро уругу жашаган (Ежегодник, 1872, с. 172). Бирок, Саяк болуштугунда басыз уруусунун бир бөлүгү жана андан башка уруулардын дагы өкүлдөрү жашагандыгы орус архивдеринде катталбай калгандыгын айта кетүүбүз керек.

Мурда Саяк болуштугун ордунда чоро-басыз уруулар бирикмеси Осмон датканын башчылыгында тургандыгы белгилүү. Ал өзү чоро уругунун жанболот уулдарынан, тагыраагы ырыскул бутагынан болгон. Бирок, орустар келген заманда жанболот уулдарынын байбагыш бутагына оомат оогон экен. Тоголок Молдонун жазганына караганда, Байбагыш бийдин ушундай уулдары болгон: Асан, Ыстам, Кыдык, Сыдык, Кубат, Манап, Кудайменде, Кудайкул жана Мамбет. Келдибек манап ушулардын ичинен Кубаттын уулу болгон (Тоголок Молдо, 1994, 63-б.). М.Мусулманкулов Осмон баатырга арналган кол жазмасында Осмон датка менен Келдибек экөөнүн ортосунда атаандаштык болгондугун жазат (Мусулманкулов, 1947, 47-б.). 1867-1868-жылдардагы реформага чейин Осмон датка Үмөтаалы манап менен бирге орустарга каршы болуп жүрүшкөндүгүн эске алсак, анын бийлигинин сакталышын орустар кааламак эмес. Натыйжада 1868-жылы Саяк болуштугу уюшулуп, аны башкарууга биринчи үч жылдык мөөнөткө манап *Кубат уулу Келдибек болуш* шайланган[1]. Ал дагы чекирсаяк уруусунун чоро уругунан чыккан Жанболот баатырдын урпагы болгондуктан, Келдибектин болуш болуп шайланышы талапка ылайык болгон.


Саяковской съ 19го февраля: Во-
лостнымъ Управителемъ Манапъ
Кельдебекъ Куватовъ, Кандидатъ
Манапъ Бараланъ Тайлаковъ
Біи: Бегатай [illegible]

**Сүрөт №1.** *Жаңы уюшулган Саяк болуштугунун башчысын (болуш) жана анын орун басарын (кандидат) кызматка дайындоо боюнча Жетисуу аскер губернаторунун буйругу. 1868-жыл. (Казакстан Республикасынын Борбордук мамлекеттик архиви).*

Бирок, Осмон датка баштаган ырыскул уулдары бийликтен толук четтетилген эмес, ал өзүнүн бир тууган инисинин болуштан кийинки адам болуусун шарттай алган. Болуштук шайлоолордо болуштар менен кошо «орун басар» деген маанини түшүндүргөн «кандидат» кызматына дагы талапкерлер шайланып турушкан. Себеби, эгер болуш кызматтан алынып калса же өлүп калса, анда болуштун кандидаты анын милдетин аткаруучу болушу керек болгон. Ошондуктан, 1868-жылы Келдибек болуштун кандидаты катары «манап Баралан Тайлаков» деп ысмы ката жазылган *Баракан баатыр Тайлак уулу* шайланган[2]. Тогуз-торолук санжырачы А.Абдылдаев чогулткан вариант боюнча, Тайлак баатыр 8 балалуу болгон: 1-аялынан Осмон датка, Баатыркан жана Айдаркан, 2-аялынан Баракан баатыр, Төрөкан, Өмүркан жана Мырзакан, ал эми 3-аялынан Сөлпү деген бала (Абдылдаев, 2006, 93-б.). Архивдик материалдарда 1885-жылы Тайлактын уулдарынан Осмон датка 66 жашта,

[1] Казакстан Республикасынын Борбордук мамлекеттик архиви. Фонд №44. Оп. №1. Д. №12. 18-20-барактар.
[2] Казакстан Республикасынын Борбордук мамлекеттик архиви. №44 ф., №1 оп., №12 д. 18-20-барактар.

Айдархан 60 жашта, Баракан баатыр 59 жашта, Батыркан 56 жашта, Сайпи (Сөлпү) 55 жашта, Мырзакан 52 жашта болгондугу катталган[3]. Демек, Осмон датка 1819-жылы, ал эми бир тууганы Баракан баатыр 1826-жылы төрөлүшкөн. 1868-жылы болуштун кандидаты болгон кезинде Баракан баатыр 42 жашта болгон.

Алгач уюшулганда Саяк болуштугу 5 айыл аймагына бөлүнгөн жана анын ар бири үчүн бийлер шайланган. Алар төмөнкү адамдар болушкан: №1 айыл – Багатай Иралын; №2 айыл – Аленар Росменды; №3 айыл – Усман Таиканов; №4 айыл – Даирбек Атантаев; №5 айыл – Салыбай Залданов[4]. Демек, Осмон датка орустарга баш ийип калгандан кийин, болуш болбосо дагы, бир айылга башчы болууга мүмкүндүк алган. Сыягы, №3 айыл ырыскул уулдарынан турган жана алар 49 жаштагы *Осмон бий Тайлак уулунун* башкаруусунда болушкан. Келдибек болуштун кандидаты Баракан баатыр дагы ушул айылда жашагандыгында шек жок.

*№1 айылга* Жанболот баатырдын казак аялынан төрөлгөн Эралынын уулу шайлангандыгы көрүнүүдө. Тоголок Молдонун жазганы боюнча, Жанболот уулу Эраалынын 5 уулу болгон: Айчочон, Карабай, Баатай, Абыласан жана Борош (Тоголок Молдо, 1994, 63-б.). Архивде анын Сопу деген уулу дагы болгондугу маалым. Эралынын уулу Айчочон архивде Ачучан Иралин деп катталып, ал 1885-жылы 74 жашта болгон. Анын Чолок, Өмүркан, Шадыкан, Салай молдо, Жообасар, Токсоба деген уулдары катталган. Ал эми Айчочондун бир тууганы Баатай 1885-жылы Бабатай Иралин деп катталып, 72 жашта болгондугу жазылган[5]. Демек, №1 айылда жанболот уулдарынын энеси казак болгон бир бөлүгү жашап, аларды башкарган *Эралы уулу Баатай бий* 1868-жылы 55 жашта болгон экен.

*№2 айыл* дагы жанболот уулдарынын башкаруусунда болгон. Тоголок Молдо берген маалымат боюнча, Жанболот уулу Ырысменденин 3 баласы болгон: Алдаяр, Сүйүнбай жана Эсиркеп (Тоголок Молдо, 1994, 63-б.). Алдаярдын ысымы каттодогу көчүрүүлөрдө кеткен каталардан улам Аленар деп жазылып калгандай. Демек, бул айылды *Ырысменде уулу Алдаяр бий* башкарган. Келдибек болуш болуштукту башкарса дагы, анын уулдары же бир туугандары эч бир айылга бий болуп шайланган эмес. Ошондуктан, ал өзү кайсы айылга таандык болгондугун аныктоо кыйын. Бирок, кийинки мөөнөттөрдөгү айыл бийлеринин шайланууларын салыштырып көрсөк, ырысменде уулдары, байбагыш уулдары жана кожоберди уулдары бир айыл болуп бирге турушкандыгын болжолдоп билсе болот.


№4 айыл дагы жанболот уулдарынын башкаруусунда болгон. Бул, албетте, жанболот уулдарынын ушунча көп болгондугун түшүндүрбөйт. Болгону, айылдардын басымдуу бөлүгү саяктардын башка уруктарынан жана саяктан башка уруулардын өкүлдөрүнөн турушкан, бирок, алардын бардыгына жанболот уулдары башчылык кылышкан. Эгер №3 айылга Тайлак баатырдын уулдары үстөмдүк кылышса, *№4 айылга* Тайлактын бир тууганы Атантайдын уулдары бийлик жүргүзгөн. А.Абдылдаевдин санжырасы боюнча, Ырыскул уулу Атантайдан 8 уул калган. Атантайдын Чыны деген 1-аялынан Эшимбек, Дайырбек, Чолпонбай жана Акынбек деген 4 уул, 2-аялы болгон Айбала энеден Ыстанбек, Карабек жана Оморбек үчөө, ал эми 3-аялынан Калыбек деген баласы болгон (Абдылдаев, 2006, 90-

[3] Казакстан Республикасынын Борбордук мамлекеттик архиви. №44 фонд, №1 оп., №41686 д., 431-438-барактар.
[4] Казакстан Республикасынын Борбордук мамлекеттик архиви. №44 ф., №1 оп., №12 д. 18-20-барактар.
[5] Казакстан Республикасынын Борбордук мамлекеттик архиви. №44 фонд, №1 оп., №41686 д., 318-327-барактар.

б.). Демек, бул балдар үстөмдүк кылган айылды *Атантай уулу Дайырбек бий* башкарган. Атантай уулдары XX кылымдын башында Тогуз-Тородо жашап калышкандыгын көрөбүз (Материалы... 1916, с. 328).

**Таблица №1.** *Саяк болуштугунун биринчи мөөнөттөгү (1868-1870-жылдардагы) айыл бийлери.*

| Айыл № | Бийлердин аты-жөнү | Ата-уул тобу |
|---|---|---|
| 1 | Баатай бий Эралы уулу | Эралы уулдары (чоро) |
| 2 | Алдаяр бий Ырысменде уулу | Ырысменде уулдары (чоро) |
| 3 | Осмон бий Тайлак уулу | Тайлак уулдары (чоро) |
| 4 | Дайырбек бий Атантай уулу | Атантай уулдары (чоро) |
| 5 | Салыбай бий Залдан уулу | ? |



**Сүрөт №2.** *1885-жылдагы эл каттодон Осмон датканын үйбүлөсү жана мал-жандыктарынын саны жазылган бети (Казакстан Республикасынын Борбордук мамлекеттик архиви)*

***Экинчи жана үчүнчү үч жылдык мөөнөттөр (1871-1876-жылдар)***

Экинчи мөөнөткө чейин эле Ак-Талаадан Осмон датка баштаган ырыскул уулдары Тогуз-Торого, андан ары Кашкар тарапка көчүп кетишкен. Ошондуктан, 1871-жылдан кийин Саяк болуштугундагы бийлик толугу менен мурунку болуш Келдибектин уулдарына өткөн. Экинчи мөөнөткө *Ысрайыл Келдибеков* болуш болуп шайланса, ал эми бир тууганы Нурак Келдибеков анын кандидаты болгон (Публикации... 1871, с. 193). 1885-жылдагы каттодо Келдибектин уулдарынан Каздайдар 59, Султанбай 57, Нурак 46, Мамбетайып 34 жашта болгондугу жазылган[6]. Демек, Нурак 32 жашында кандидат болуп шайланган.

Бирок, ырыскул уулдарынын көчүп кетиши менен байбагыш уулдарына жаңы оппозиция пайда болгон. Алар Жанболоттун казак аялынан туулган балдарынын урпактары, башкача айтканда Эраалы уулу Баатай бий баштаган топ эле. Биринчи мөөнөттө Баатай бий башкарган №1 айыл 1871-1873-жылдардагы экинчи мөөнөттө №3 айыл болуп өзгөргөн. Эки жолу бий болуп шайлангандан кийин, үчүнчү мөөнөттө ал өзү болуш болууга жетишкен. 1874-1876-жылдарга карата өткөн шайлоонун жыйынтыгы боюнча, Баатай Эралин болуш болуп, Ысрайыл Келдибеков кандидат болуп шайланган (Публикации... 1874, с. 68).

[6] Казакстан Республикасынын Борбордук мамлекеттик архиви. №44 фонд, №1 оп., №41686 д., 396-405-барактар.

Ошентип, Саяк болушутугу 1874-1876-жылдары *Баатай болуш Эралы уулунун* башкаруусунда болгон. Ал эми мурункусунда болуш болгон Ысрайыл Келдибек уулу, бул жолкусунда Баатай болуштан кийинки адам болуп калган.

Саяк болуштугу мурункудай эле экинчи жана үчүнчү мөөнөттө дагы 5 айылдан турган. 1871-жылы айыл аймактарын башкарууга төмөнкү адамдар бий болуп шайланышкан: Шерали Кожомбердин, Шоорук Кабылбаев, Баатай Эралин, Куттукул Сарыбаев жана Эсенбай Маатаев (Публикации... 1871, с. 194). Булардын ичинен Шоорук Кабылбаев (Кадылбаев), Куттукул Сарыбаев (Кутугул Салбаев) жана Эсенбай Маатаев үчөө кийинки 1874-1876-жылдардагы мөөнөткө дагы кайрадан шайланышкан (Публикации... 1874: с. 68). Ал эми Шыралы Кожобердин андан кийинки 1877-1879-жылдарга кайра шайланат (Публикации... 1877, с. 22).

*№1 айылды* башкарган Шерали бий Кожомберди уулу жанболот уулдарынан болгон. Жанболот уулу Кожоберди баатыр, Ырыскул жана Байбагыш бий үчөө бир энеден болушкандыгы жогоруда айтылды. Береги экөөнүн неберелери бийлик талашып жаткан учурда, *Кожоберди уулу Шералы бий* аксакал куракта болгондугу үчүн аны шайлашкан чыгар. Бирок, санжырачы А.Абдылдаев Шералы бийди Кожобердинин уулу эмес, небереси кылып көрсөтөт. Анын жазганы боюнча, Кожобердиден Эркебулан, андан Өмүралы менен Шералы деген 2 уул болгон (Абдылдаев, 2006, 90-б.). Антсе да, архивде Эркебулан деген эскерилбейт. 1885-жылы Кожобердинин уулу Өмүралы 61 жашта, дагы бир уулу Нусуп 62 жашта болгондугу гана маалым[7]. Кийинки мөөнөттө Ысырайыл болуш кызматтан түшүп, ушул айылды башкарууга бий болуп шайланган. Демек, кожоберди уулдары байбагыш уулдары менен чогуу жашашкан десек болот. 1871-1873-жылдары айылды башкарууга кожоберди уулдарынан шайланса, кийинки мөөнөттө кайра байбагыш уулдарынан *Ысрайыл бий Келдибек уулу* шайланган.

Мурунку мөөнөттө №1 болгон айыл 1871-1873-жылдардагы экинчи мөөнөттө №3 айыл болуп өзгөргөн жана аны башкарууга бул жолу да кайрадан *Баатай бий Эралы уулу* шайланган. Ал эми мындан кийинки мөөнөттө ал болуш болуп шайлангандыктан, №3 айылды башкарууга *Алчикен бий Баймурза уулу* тандалган.

Саяк болуштугу жаңыдан уюшулганда 4 айылга жанболот уулдарынан бийлер шайланып, бир гана №5 айылга уруусу белгисиз Салыбай бий Залдан уулу шайлангандыгы маалым. Анын башкарган аймагы кийинки мөөнөттөрдө №4 айыл болуп өзгөрүп, анын уулу бийликти сактап калгандай. Бул айылды 1871-1876-жылдары эки мөөнөттө катарынан шайланган *Кутукул бий Салыбай уулу* башкарган.

Экинчи жана үчүнчү мөөнөттө катарынан эки жолу шайланган *Эсенбай бий Матай уулу* башкарган №5 айыл Тогуз-Торо аймагында жайгашкан жана алар саяк уруусунун каба уругунан болушкан. Ушул уруктан чыккан санжырачы А.Абдылдаев өз китебинде Эсенбай бийдин санжырасын толуктап жазган. Анын жазганы боюнча, Кабадан Түнтөй, андан Актери, андан Аккулак, андан Жамаке, андан Жайыл, андан Маанаке, андан Шанабай, андан Матай болуп, ал эми Матайдын 9 уулу болгон. Матайдын 1-аялынан Атабек, Атабий, Эсенбай, Батыркан жана Батырбек, ал эми 2-аялынан Атыкан, Өмүркан, Мураталы жана

[7] Казакстан Республикасынын Борбордук мамлекеттик архиви. №44 фонд, №1 оп., №41686 д., 396-405-барактар.

Нусубалы деген уулдар төрөлгөн (Абдылдаев, 2006, 30-б.). Булар өздөрүн каба уругунан бөлүнүп чыккан *актери уругуна* таандык кылып келишет. Кийинки 1877-1879-жылдардагы мөөнөттө Эсенбай бий өз айылы менен Тогуз-Торого болуштугуна кошулган.

**Таблица №2.** *Саяк болуштугунун экинчи жана үчүнчү мөөнөттөгү (1871-1876-жылдардагы) айыл бийлери.*

| Айыл № | 1871-1873-жылдар | 1874-1876-жылдар |
|---|---|---|
| 1 | Шерали бий Кожомберди уулу | Ысрайыл бий Келдибек уулу |
| 2 | Шоорук бий Кабылбай уулу | Шоорук бий Кабылбай уулу |
| 3 | Баатай бий Эралы уулу | Алчикен бий Баймурза уулу |
| 4 | Кутукул бий Салыбай уулу | Кутукул бий Салыбай уулу |
| 5 | Эсенбай бий Матай уулу | Эсенбай бий Матай уулу |

***Төртүнчү жана бешинчи үч жылдык мөөнөттөр (1877-1882-жылдар)***

1877-1880-жылдарга карата шайлоонун жыйынтыгы боюнча, болуш болуп Нурак Келдибеков, кандидат катары Чымыш Карабаев деген адам шайланган (Публикации... 1877, с. 22). *Нурак болуш Келдибек уулу* мурда экинчи мөөнөттө агасы Ысрайыл болуштун кандидаты болгон. Арадан 3 жылдык бир мөөнөт өтүп, эми минтип өзү дагы болуш болууга татыган. Анын башкарган мезгилине Саяк болуштугунун 5 айылы 9 айыл болуп көбөйгөн учур туш келет. Нурак болуштун башкарган тушундагы бир кызыктуу окуя тарыхчы Ж.Байдилдеевдин эл оозунан чогулткан материалдарынын биринде учурайт. Анда айтылгандай, Нурак болуш эл башкарган тушунда Курмушу бийдин ашы үчүн күлүк издеп, басыз уруусунан Чыбылдый-Коо деген жерди мекендеген Алыбек байдын «Чаар ат» деген күлүгүн сураганда, Алыбек бербей коюп, экөөнүн ортосу бузулган. Экөөнүн келишпестиги камчылашып чабышууга чейин жетип, Алыбек аттын үстүнөн Нурак болушту эңип түшүрүп, жарадар кылган дешет. Ошондон кийин басыз Алыбек бий чоро уругунан Тегерек-Саз деген жердеги Баатайдын ортого түшүүсүн суранганда, Баатайдын 14 жашар уулу Касымбек ойлоп тапкан акыл менен эки уруу жарашкан деп айтылат. Касымбек жазып берген арызды Алыбек бай Ат-Башыга алпарып, үйөз начальнигине бербестен, ал жакта сурак берип жаткан мурунку болуш Ысрайылга берген. Ошондуктан, Ысрайыл бошонуп келгенде Нуракты күнөөлүү деп таап, басыздарды кечирип, ал эми Касымбекти кийинки мөөнөттө өзүнө кандидат кылып алган (Байдилдеев, 2001, 31-33-б.). Касымбек кандидат болгон кезинде 14-15 жаштарда эмес, 24-25 жаштарда болгондугун эскерте кетүүбүз керек. Бул баянда чоро уругундагы келдибек уулдары менен баатай уулдарынын болуштук бийлик үчүн болгон күрөшү чагылдырылат десек болот. Ошондой эле, эки тарап үчүн тең басыздардын колдоосу абдан маанилүү болгондугу көрүнүп турат.

Эл оозунда айтылгандай эле, чындап эле кийинки 1880-1882-жылдарга карата шайлоодо *Ысрайыл болуш Келдибек уулу* кайрадан мурунку ордуна шайланып келген. Ал эми мурунку болуш Баатайдын уулу Касымбек кандидат болуп калган (Публикации... 1880, с. 73). Жогоруда айтылгандай эле, байбагыш уулдары менен кожоберди уулдары бир айылда жашашкан жана кээде Кожобердинин уулдарына да бийлик тийип турган. 1871-1876-жылдары алардын айылы №1 айыл болуп айтылып, алгач Кожоберди уулу Шералы бий, андан кийин Келдибек уулу Ысрайыл бий шайланганы белгилүү. Эми 1877-1879-жылдары ушул эле №1 айылга кайрадан *Шералы бий Кожоберди уулу* шайланганын көрүүдөбүз.

Байбагыш уулдары менен кожоберди уулдары №1 айылга алмак-салмак бий шайлоого аракет кылышкан көрүнөт. Анткени кийинки 1880-1882-жылдарга карата бул айылды башкарууга *Мамбетайып бий Келдибек уулу* шайланып келет. Мухамедаюп (Мамбетайып) 1885-жылы 34 жашта болгондугу белгилүү[8].

1877-1882-жылдары эки мөөнөт катары менен №4 айылды Кочкорбай бий Койчуман уулу башкарган. Ал XX кылымдын башында Тегерек-Кырчын деген жерде жашаган кадаң уругунан экендигин катталган (Материалы... 1916, с. 309-316). С.Абрамзондун изилдөөсү боюнча кадаң тобу саяк уруусунун өйдөчекти уругуна кирген (Абрамзон, 1999, 685-695-б.).

1871-1876-жылдары эки мөөнөт катары менен №4 болгон айыл 1877-жылдан кийин №5 айыл болуп өзгөргөн. Аны эки мөөнөт катары менен башкарган *Кутукул бий Салыбай уулу* 1877-1879-жылдары дагы үчүнчү жолу да бий болуп шайланып, өз айылына жалпысынан 9 жыл бою бийлик кылган. 1880-1882-жылдардагы мөөнөткө №5 айылды башкарууга *Мамбеталы бий Жайчыбек уулу* шайланган. Бул айылда басыздар жашаган болушу мүмкүн.

Осмон бийдин козголоңунан улам ырыскул уулдары саясатка жакындай албай калышкан. Бирок, бул Атантай менен Тайлактын уулдарына гана тиешелүү болуп, Тайлактын башка бир туугандарынын уулдарына бий болуп шайланууга дале мүмкүнчүлүк бар эле. Ошондуктан, 1877-жылы Ырыскул уулу Маакенин балдары шайлоого катышышкан. А.Абдылдаевдин санжырасы боюнча, Жанболот уулу Ырыскулдун Атантай менен Тайлактан башка дагы 5 уулу болгон: Мааке, Үмөт, Кыйшык, Бекбото жана Мырзачаян. Булардын урпактары «бешуул» деп аталган бир урук болуп көбөйгөн (Абдылдаев, 2006, 100-б.). Демек, ушул топтон чыккан *Байсубан бий Мааке уулу* 1877-1879-жылдары №6 айылды башкарган. Бирок, А.Абдылдаев Байсубанды Маакенин уулу эмес, аны жаңылыштык менен небереси деп көрсөтүп алган. 1885-жылга таандык архивде Макин (Мааке уулу) деген фамилия менен Балбак, Бийшүкүр деген адамдар катталган. Ошондой эле, Байсуван Мидаров деген адам 62 жашта болгондугу айтылат[9]. Кийинки мөөнөттө бул айылды башкарууга *Барчык бий Белек уулу* шайланган.

№7 айыл болуп уюшулган аймакка 1877-1879-жылдары *Алыбек бий Дубана уулу* башчылык кылган. Бул адам Ак-Талаадагы басыз уруусунун бактыгул уругунан, тагыраагы койгелди тобунан болгон. Ал жөнүндө Ж.Байдилдеев чогулткан материалдардан Нурак болушка байланышкан бир окуяда эскерилет деп жогоруда айтылды (Байдилдеев, 2001, 31-33-б.). Алыбек бий ушул окуядан кийин кайрадан бий болуп шайлана албаган көрүнөт. Анткени 1880-1882-жылдарга карата №7 айылды башкарууга *Өмүрзак бий Музооке уулу* шайланган.

№8 айылда башкарууга эки жолу катары менен шайланган Мамбет бийдин атасынын ысымы биринчисинде Байдыгыш, экинчисинде Багыш деп берилет. Бул адам Байбагыш бийдин кенже уулдарынан, Келдибековдордун агаларынан болгон сыяктуу. Санжырада Жанболот уулу Байбагыштын уулдарынан арасында да Мамбет деген ысым бар. Демек, байбагыш уулдары №1 айылды гана башкарбастан, бир бөлүгү №8 айылды бөлүп алып

[8] Казакстан Республикасынын Борбордук мамлекеттик архиви. №44 фонд, №1 оп., №41686 д., 396-405-барактар.

[9] Казакстан Республикасынын Борбордук мамлекеттик архиви. №44 фонд, №1 оп., №41686 д., 347-357-барактар.

башкарууга аракет кылышкан өңдүү. Бул айылды 1877-1882-жылдары үч жылдык эки мөөнөттө катары менен шайланган *Мамбет бий Байбагыш уулу* башкарган десек болот.

**Таблица №3.** *Саяк болуштугунун төртүнчү жана бешинчи мөөнөттөгү (1877-1882-жылдардагы) айыл бийлери.*

| Айыл № | 1877-1879-жылдар | 1880-1882-жылдар |
|---|---|---|
| 1 | Шыралы Кожобердин | Мамбетайып Келдибеков |
| 2 | Осмон Абды | Баймырза Шадыев |
| 3 | Кыдыр Токмогулов | Салыбай Атагозин |
| 4 | Кочкорбай Койчуманов | Кочкорбай Койчуманов |
| 5 | Куттукул Сарыбаев | Мамбеталы Жайчыбеков |
| 6 | Байсубан Маке | Барчык Белеков |
| 7 | Алыбек Дубана | Өмүрзак Музоокин |
| 8 | Мамбет Байдыгышев | Мамбет Багышев |
| 9 | Каратай Адилев | |

***Алтынчы үч жылдык мөөнөт (1883-1885-жылдар)***

1883-1885-жылдарга туура келген үч жылдык мөөнөттө Саяк болуштугун башкарууга мурунку болуштун кандидаты Касымбек Багатаев шайланган. Ал эми Касымбек болуштун кандидаты Нурак Келдибеков болгон (Публикации... 1882, с. 168). Эралы уулу Баатайдын Шооруk, Нурмамбет, Касымбек, Садырбек деген уулдары болгондугу маалым. *Баатай уулу Касымбек болуш* 1885-жылкы каттоодо 30 жашта деп көрсөтүлгөн[10]. Демек, ал 25-27-жаштарында Ысрайыл болуштун кандидаты болуп, 28 жашында өзү болуш болуп шайланган. Касымбектин алгачкы болуш болгонундагы окуяларынын айрымдары эл оозунда сакталып калган. Ж.Байдилдеев чогулткан санжыралык маалыматтардын биринде Касымбек болуштун үйөз начальниги менен бир маселени 15 күн талкуулап, оңунан чечип келген дешет. Ошондо начальникке кире албай, Байтик баатыр менен Байзак баатыр күтүп отуруп калышкан деп айтылат. Ал эми Касымбек болуш ошондо өз элинин 2500 кой бересе карызы бар экендиги «Бексул» китепте катталгандыгын билип, карызды кечтирип берүүнү суранып, макулдатып алган имиш (Байдилдеев, 2001: 33-б.). Анын орус администрациясы менен мамилеси кийин дагы жакшы болгондугу анын сөзмөр инсан болгондугунан кабар берип, саясатчы катары өзүн көрсөтө алгандыгын байкасак болот. Касымбек болуш 1886-жылы 15-майда генерал-губернатор тарабынан 2-разряддагы халат менен сыйлангандыгы маалым (Семиреченские... 1886, с. 151).

Касымбек болуштун алтынчы мөөнөттө башкарган тушунда Саяк болуштугундагы айылдардын саны 10 го көбөйгөн. №2 айылда байбагыш уулдары жашап, аларды мурда болуш болгон, кийин өзү болуштун кандидаты болуп турган *Нурак бий Келдибек уулу* башкарган. 1877-1879-жылдары ырыскул уулдарынын бир бөлүгү болгон беш уул тобунан Байсубан бий Мааке уулу №6 айылды башкаргандыгы белгилүү. Ал эми 1883-1885-жылдары анын бир тууганы *Шүкүр бий Мааке уулу* шайланып, алардын айылы эми №7 айыл деп аталган.

[10] Казакстан Республикасынын Борбордук мамлекеттик архиви. №44 фонд, №1 оп., №41686 д., 318-327-барактар.

1871-1876-жылдары №2 болгон айылды эки жолу катары менен башкарган *Шоорук бий Кабылбай уулу* 1883-жылы кайрадан бий болуп шайланган. Бул жолкусунда анын айылы №3 айыл болуп айтылган. Ал эми №6 айылды башкарууга шайланган *Салыбай бий Атагозу уулу* мурунку мөөнөттө дагы шайланган адам болгон. Мурункусунда анын айылы №3 айыл деп катталган. Бул инсандардын кайсы уруудан болгондугу азырынча тактала элек. Салбай Атагозу уулу 1885-жылы 32 жашта экендиги, ал эми XX кылымдын башында Терек жерде жашагандыгы катталган (Материалы... 1916, с. 308).

№5 айылды башкарган *Качыбек бий Чыбылдый уулу* басыз уруусунун *бактыгул уругунан* болгон. Анын атасы Чыбылдый баатыр XIX кылымдын 20-30-жылдары Тайлак баатыр менен үзөңгүлөш жүргөндүгү кытай жазма булактарында кабарланат (Ханзу... 2004, 667-689-б.). 1885-жылы Саяк болуштугунун №11 айылдында Чубулдуев, Чибулдиев деген фамилия менен Качи, Мамбеталы жана Турдуке деген адамдар катталган. Чыбылдый уулу Качы бий ошондо 60 жашта, ал эми уулу Мураталы 22 жашта болгон[11]. Демек, Качыбек бий 1883-жылы 58 жашында бий кызматына киришкен.

Ал эми №8 айылды башкарууга шайланган *Разабай бий Бактыбай уулу* дагы басыз уруусунун *кудайлат уругунан* болгон. Тогуз-торолук санжырачы А.Абдылдаевдин жазганына караганда, Кудайлаттан Темир, андан Куттукожо, андан Бактыбай, ал эми Бактыбайдан ушундай 3 уул болгон: Долонбай, Керимбай жана Разабай (Абдылдаев, 2006, 108-б.). 1885-жылдагы каттодо Бактыбайдын уулдарынан 49 жаштагы Разыбай жана анын инилеринен Аташар, Мырзабай, Бөкөй дегендер эскерилген[12]. Демек, Разабай 1883-1885-жылдары 47-49 жашынтарында бий болуп турган. Разабай бий элдин эсинде күлүк бир аттын кожоюну катары эсте калган. Ал санжыраларда Разабай ажы деп эскерилип, ал эми анын күлүгүн Ж.Байдилдеев «Акжелке» деп жазса, А.Абдылдаев «Акжал» деп, Ж.Кожалы уулу «Аккөкүл» деп жазган (Кожалу уулу, 1996, 76-82-б.). Бул күлүк көп той-аштарда биринчи байгени алып жүрүп, тогуз-торолук Карбоз байдын тирүүсүндө берген ашында ат чабыш учурунда өлгөндүгү менен эсте калган (Байдилдеев, 2001, 58-62-б.; Абдылдаев, 2006, 136-б.).

Мурда Саяк болуштугунун курамында болуп, 1877-жылы Тогуз-Торо болуштугуна катталган *Эсенбай бий Матай уулунун* айылы кийин кайрадан Саяк болуштугуна кошулган. 1883-1885-жылдары анын ээлиги №9 айыл болуп катталып турган. 1883-жылы №10 айылга Осмон датканын уулу Мамыркан бий болуп шайланган. *Мамыркан бий Осмон уулу* ушундан баштап активдүү болуп, көп жолу эскериле баштайт. Архивдеги 1885-жылкы каттоодо Осмон датканын Мамыркан, Буруш, Сагындык, Турдумамбет, Нурмухаммед деген уулдары, Курманжан, Соуру деген кыздары бар экендиги жазылган[13]. Осмон датканын бир кызына Курманжан деген ат коюлушу анын Курманжан даткага болгон сый урматынын чексиз болгондугун түшүнсөк болот. 2013-жылы түзүлгөн бир варианттагы санжыра боюнча, Осмон датканын 9 уулу болгон: Ботокан, Мамыркан, Нааматкан, Сагындык, Турдумамбет, Алымбай, Касымбай, Нуке жана Молдокан (Кыйын кезеңдин... 2013, 160-161-б.). XX

---

[11] Казакстан Республикасынын Борбордук мамлекеттик архиви. №44 фонд, №1 оп., №41686 д., 419-428-барактар.

[12] Казакстан Республикасынын Борбордук мамлекеттик архиви. №44 фонд, №1 оп., №41686 д., 441-453-барактар.

[13] Казакстан Республикасынын Борбордук мамлекеттик архиви. №44 фонд, №1 оп., №41686 д., 431-438-барактар.

кылымдын башында Осмондун уулу Сагындык Терек деген жерде жашаган (Материалы... 1916, с. 308).

**Таблица №4.** *Саяк болуштугунун алтынчы мөөнөттөгү (1883-1885-жылдардагы) айыл бийлери.*

| Айыл № | Бийлердин аты-жөнү | Ата-уул тобу |
|---|---|---|
| 1 | Канай бий Жаныш уулу | ? |
| 2 | Нурак бий Келдибек уулу | Байбагыш уулу (чоро) |
| 3 | Шоорук бий Кадылбай уулу | ? |
| 4 | Бусурманкул бий Оторчу уулу | ? |
| 5 | Качыбек бий Чыбылдый уулу | Бактыгул (басыз) |
| 6 | Салбай бий Атагозу уулу | ? |
| 7 | Шүкүр бий Мааке уулу | Бешуул (чоро) |
| 8 | Рузабай бий Бактыбай уулу | Кудайлат (басыз) |
| 9 | Эсенбай бий Матай уулу | Актери (каба) |
| 10 | Мамыркан бий Осмон уулу | Тайлак уулу (чоро) |

***Жетинчи үч жылдык мөөнөт (1886-1888-жылдар)***

1885-жылы Саяк болуштугун жетинчи мөөнөттө (1886-1888-жылдары) башкара турган болушу болуп Мусакожо Ысрайылов, кандидат катары Мамыркан Осмонов шайланган жана ошол эле убакта 14 айылдын бийлери да дайындалган (Семиреченские... 1885, с. 167-168). Демек, Саяк болуштугун эки жолу башкарган Ысрайыл болуштун уулдарынан Мусакожо атасынын жолун улап, 1886-жылы болуш болуп шайланган. Мусакожо болуш кийин дагы бир нече жолу шайлангандыгын көрөбүз.


Ал эми тайлак уулдарынан Баракан баатырдан кийин болуштун кандидаты мансабына жеткен адам буга чейин боло элек болчу. Бул алардын орус бийлиги менен чатакташып, Кашкарга кетип, кайра келишкендигине байланыштуу болгон. Абал тынчыгандан кийин, 1883-1885-жылдары *Мамыркан бий Осмон уулу* №10 айылды башкарууга шайлана алган. Ал эми кийинки мөөнөттө ал Мусакожо болуштун кандидаты болуп дайындалууда. Мамыркан бий ошол эле убакта №12 болуп өзгөргөн айылынын бийи кызматын дагы кошо аркалаган. 1885-жылы Мамыркан бий 48 жашта болгондугу маалым[14].

Негедир, 1886-жылы Саяк болуштугунун калкы көбөйүп, айылдардын саны 14 болгондугу байкалат. Сыягы, бул убакта коңшу болуштуктардын айрым айылдары Саяк болуштугуна кошулган көрүнөт. Болуштукту башкарган байбагыш тобунун, башкача айтканда *келдибек уулдарынын* айылы мурункусунда №2 айыл болсо, бул жолкусунда №9 айыл болуп өзгөргөн. Аны 1886-1888-жылдарда башкарууга *Нурак бий Келдибек уулу* шайланган. Ал мурда 1871-1873-жылдары Ысрайыл болуштун кандидаты болуп, 1877-1879-жылдары өзү дагы болуш болгондугу белгилүү. Нурак 1880-1882-жылдары Касымбек болуштун кандидаты болуп, андан кийинки мөөнөттө бий кызматына шайланып, 1886-1888-жылдары дагы айыл башкарууга шайланганын көрүүдөбүз.

1886-1888-жылкы мөөнөттө болуш келдибек уулдарынан чыгып, кандидат кызматына тайлак уулдарынан шайлангандыктан, баатай уулдарына айыл башкаруудан башка арга

[14] Казакстан Республикасынын Борбордук мамлекеттик архиви. №44 фонд, №1 оп., №41686 д., 431-438-барактар.

калбаган. Алар бул мөөнөттө №1 айыл болуп катталып, *Калымбек Баатай уулуна* баш ийишкен. 1885-жылдагы каттодо Калымбек аттуу ысым эскерилбейт, сыягы, мында Касымбектин аты ката жазылып калган окшойт. Ал эми бешуулдардан чыккан *Шүкүр бий Мааке уулу* бул жолкусунда дагы бий болуп шайланган. Бирок, ал башкарган №7 айыл бул 1886-1888-жылкы мөөнөттө №4 айыл болуп катталган. Шүкүр бий 1885-жылдагы каттодо Бийшүкүр Макин деп катталып, 52 жашта болгондугу, Бектеналы деген 7 жашар уулу болгондугу жазылган.




**Сүрөт №3.** *Чоро уругунун аксөөк тукуму деп эсептелген жанболот уулдарынын санжырасы (Түзгөн: К. Молдожунусов)*

Мурда үч жолу бий болуп шайланган *Шоорук бий Кабылбай уулу* 1886-1888-жылдардагы мөөнөттө дагы №10 айылды башкарууга шайланган. Ал 1885-жылдагы каттодо 52 жашта болгондугу, Бектурбай деген уулу жана 3 кызы бар экендиги катталган. Ал эми №11 айылдагы басыздарды башкарууга 1885-жылы 22 жашар *Мураталы бий Качыбек уулу* шайланган. Ал кийин XX кылымдын башында Кырчын деген жерде жашап тургандыгы маалым (Материалы... 1916, с. 315-329).

Тогуз-Тородогу каба уругунун актери тобун башкарып келген Эсенбай бийдин ордуна 1886-жылы *Кармышбек бий Кулбарак уулу* шайланган. Мурда алардын айылы №9 болсо, бул жолкусунда №14 айыл болуп айтылган. Эсенбайдын 5-атасы Жамаке менен Кармышбектин 5-атасы Шамаке бир тууган болушкан. Санжыра боюнча, Актериден Аккулак, андан Шамаке, андан Кошке, андан Ниет, андан Чылпак, андан Кулбарак, андан болсо 5 уул

тараган. Кулбарактын 1-аялынан Койчу, 2-аялынан Молдоке менен Борош, ал эми 3-аялынан Кармышбек менен Кашкой деген уулдары болгон (Абдылдаев, 2006, 44-б.). 1885-жылдагы каттодо Кармышбек бий 37 жашта болгондугу көрсөтүлөт. Анын Атаменем, Калча деген бир туугандары да катталган[15].

**Таблица №5.** *Саяк болуштугунун жетинчи мөөнөттөгү (1886-1888-жылдардагы) айыл бийлери.*

| Айыл № | Бийлердин аты-жөнү | 1885-жылда жаш курагы | Атуулдугу |
|---|---|---|---|
| 1 | Касымбек бий Багатай уулу | 30 | эраалы уулу (чоро) |
| 2 | Саякбай бий Тилек уулу | 30 | ? |
| 3 | Балкыбек бий Осмоналы уулу | 34 | ? |
| 4 | Шүкүр бий Мааке уулу | 52 | Бешуул (чоро) |
| 5 | Нусупбай бий Ажыбек уулу | 41 | ? |
| 6 | Торгой бий Мулар уулу | 54 | ? |
| 7 | Жаман бий Эшимбек уулу | 38 | ? |
| 8 | Ажы бий Адил уулу | 51 | ? |
| 9 | Нурак бий Келдибек уулу | 46 | байбагыш уулу (чоро) |
| 10 | Шоорук бий Кабылбай уулу | 52 | ? |
| 11 | Мураталы бий Качыбек уулу | 22 | Бактыгул (басыз) |
| 12 | Мамыркан бий Осмон уулу | 48 | Тайлак уулу (чоро) |
| 13 | Абдал бий Баймурза уулу | 52 | ? |
| 14 | Кармышбек бий Кулбарак уулу | 37 | Актери (каба) |

## Талкуу

1868-жылга чейинки Осмон датканын башкарган ээлиги реформадан кийин Орусия империясынын кызыкчылыгына жараша өзгөрүп, мындан кийин Саяк болуштугу деп атала турган административдик бирдикти башкаруучулар үч жыл сайын шайланып турушу керек болуп калган. Болуштук системанын кириши жергиликтүү манаптардын бийлигин алсыратуу жана урууларды майдалап бөлүп-жаруу максатында болгон (Сапаралиев, 2004, с. 9-15). Чындап эле, 1868-жылы Осмон датка өзүнүн атаандашкан аталаш тууганы Келдибек Кубат уулуна өз ордун берүүгө аргасыз болгон. Кийинчерээк Осмон аны менен да, орустар менен да тил табыша албай, жакын туугандары менен Кашкарга чейин качып барып келген. Осмон датка сыяктуу эле, башка кыргыз болуштуктарында да Үмөтаалы манаптын, Шабдан баатырдын, Байтик баатырдын жана башкалардын дагы таасири азайтылып, алар бийликтен алыстатылгандыгы маалым. Реформадан кийин эл бат эле жай турмушка көнүп, шайлоонун кызыгына батып, ар жерлерде топ-топко, партияларга бөлүнүшүп, болуштук бийлик талашкан кыргыз бийлери көбөйгөн. Анын кээ бир мисалдары Чүй өрөөнүндө солто уруусунун ордунда түзүлгөн болуштуктар жөнүндөгү изилдөөдө айтылган (Молдожунусов, 2024, 72-84-б.).

**Таблица №6.** *Саяк болуштугун 1868-1888-жылдар аралыгында башкарган болуштар жана алардын кандидаттары.*

| № | Мөөнөтү | Кызматы | Аты-жөнү | Уругу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 1868-70 | Болуш | Кубат Келдибек уулу | Байбагыш, чоро |
| | | Кандидат | Баракан Тайлак уулу | Ырыскул, чоро |
| 2 | 1871-73 | Болуш | Ысрайыл Келдибек уулу | Байбагыш, чоро |

[15] Казакстан Республикасынын Борбордук мамлекеттик архиви. №44 фонд, №1 оп., №41686 д., 455-461-барактар.

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кандидат | | Нурак Келдибек уулу | | Байбагыш, чоро |
| 3 | 1874-76 | Болуш | Баатай Эралы уулу | | | Эралы, чоро |
| | | Кандидат | | Ысрайыл Келдибек уулу | | Байбагыш, чоро |
| 4 | 1877-79 | Болуш | Нурак Келдибек уулу | | | Байбагыш, чоро |
| | | Кандидат | | Чымыш Карабай уулу | | ? |
| 5 | 1880-82 | Болуш | Ысрайыл Келдибек уулу | | | Байбагыш, чоро |
| | | Кандидат | | Касымбек Баатай уулу | | Эралы, чоро |
| | | Болуш | Касымбек Баатай уулу | | 09.81 | Эралы, чоро |
| | | Кандидат | | ? | | |
| 6 | 1883-85 | Болуш | Касымбек Багатай уулу | | | Эралы, чоро |
| | | Кандидат | | Нурак Келдибек уулу | | Байбагыш, чоро |
| 7 | 1886-88 | Болуш | Мусакожо Ысрайыл уулу | | | Байбагыш, чоро |
| | | Кандидат | | Мамыркан Осмон уулу | | Ырыскул, чоро |

**Корутунду**

Кыргызстандын азыркы Нарын облусундагы Ак-Талаа районунун жана ага чектешкен Жалал-Абад облусундагы Тогуз-Торо районунун аймагында XIX кылымдын 40-60-жылдарында Тайлак уулу Осмон датканын ээлиги болгон. Ал аркалык кыргыздардын күчтүү уруу башчыларынан болуп, Ормон хан, Алымбек датка, Алымкул лашкербашы, Үмөтаалы манаптын саясаттарын колдоп келген. Бирок, Орусия империясы Кыргызстандын түндүгүн караткандан кийин, 1868-жылы жаңы административдик реформа жүргүзүлүп, кыргыз урууларынан жана уруктарынан жаңы административдик бирдиктер – болуштуктар (волость) түзүлгөн. Ал кездеги болуштуктар азыркы райондорду, ал эми үйөздөр (уезд) азыркы облустарды түшүндүргөн. Ошондо Нарын аймагы Түркстан генерал-губернаторлугунун Жетисуу облусуна караштуу Токмок үйөзүнө киргизилген. Осмон датканын ээлигинин ордуна Токмон үйөзүнө караштуу Саяк болуштугу түзүлгөн.

Кыргыздардын арасынан болуштукту жана айылдарды башкарууга талапкерлерди тандоо үчүн үч жыл сайын шайлоо уюштурула турган болгон. Шайлоолордо орус бийлигине ыктаган саясатчылардын утуп чыгышы камсыздалгандыктан, Осмон датка жана анын уулдары бул болуштукта болуш болуп шайлана алган эмес. Биринчи мөөнөттө Осмон датканын тууганы, бирок атаандашы Келдибек манаптын болуш болуп шайлангандыгы маалым. Ошондон тарта Саяк болуштугун көп жылдар бою келдибековдор башкарышат. Алар менен атаандашкан эралы уулдары дагы кээде болуш же болуштун кандидаты (орун басары) болуп шайланып турушкан. 1868-1888-жылдар аралыгында Келдибектин уулу Ысрайыл эки жолу, дагы бир уулу Нурак бир жолу, Ысрайылдын уулу Мусакожо бир жолу болуш болуп шайланган. Ал эми Эралы уулу Баатай бир жолу, анын уулу Касымбек бир жолу болуш болгон. Осмондун уулу Мамыркан бир жолу болуштун кандидаты боло алган. Булардын бардыгы чекирсаяк уруусунун чоро уругунан чыккан Жанболот баатырдын 3-4-муундагы урпактары болушкандыгы белгилүү.

Саяк болуштугунда басыз жана башка уруулардын дагы өкүлдөрү жашап, алар өз айылдарында өздөрүнөн чыккан бийлерди шайлап турушкан. Мисалы, уруусу белгисиз Шоорук Кабылбай уулу деген бий 1868-1888-жылдар аралыгында 4 жолу үч жылдык мөөнөтө өз айылын башкарууга шайлангандыгы белгилүү. Ошондой эле, саяктардын каба уругундагы актери тобун башкарган Эсенбай бий Матай уулу дагы бул аралыкта 4 жолу шайланган. Бирок, бир мөөнөттө, тагыраагы 1877-1879-жылдары анын айылы Саяк болуштугунан чыгып, Тогуз-Торо болуштугун курамында турган. Алар сыяктуу эле Кутукул

бий, Кочкорбай бий, Мамбет бий дегендер дагы бир нече жол катарынан шайланып турушкандыгы маалым. Бул изилдөө Саяк болуштугунун ошол алгачкы 1868-1888-жылдар аралыгындагы бийлеринин жана болуштарынын аты-жөнүн, уруусун, санжырасын жана өмүр баяндарын тактоого керектүү маалыматтарды бере алат деген ишеничтебиз.

**Адабияттардын тизмеси**


1. Абдрахманов, Ы. (1944). *Кыргыздар (Кыргыздардын урууларга бөлүнүшү)*. Бишкек: КР Президентине караштуу УИАнын Кол жазмалар фонду. Инв. №319 (116).
2. Абдрахманов, Ы. (1944). Тайлак баатыр. Бишкек: КРПУИАнын Кол жазмалар фонду. Инв.№323.
3. Абдылдаев, А. (2006). *Тогуз-Торо элинин санжырасы.* Бишкек.
4. Абрамзон, С.М., Мамбеталиев С. ж.б. (котор.). 1999. *Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер*. Бишкек: «Кыргызстан-Сорос» фонду. 896 б.
5. Байдилдеев, Ж. (2001). *Тайлак баатыр баяны: Санжыра*. Бишкек.
6. Валиханов, Ч.Ч. (1985). *Собрание сочинений в пяти томах.* Том 3. Алма-Ата: Казахская советская энциклопедия. 416 с.
7. Джамгерчинов, Б. (1966). *Очерки политической истории Киргизии XX века.* Фрунзе: Кыргызстан. 429.
8. *Ежегодник: Материалы для статистики Туркестанского края*. (1872). Маев Н.А. (ред.). Вып.1. С-Петербург: Типография К.В. Трубникова. В сборнике: Межов В.И. (сост.) 1873. *Туркестанский сборник*. Том 59. Санктпетергбург: Министерство путей сообщения.
9. Казакстан Республикасынын Борбордук мамлекеттик архиви. №44 ф., №1 оп., №41686 д.
10. Казакстан Республикасынын Борбордук мамлекеттик архиви. №44 ф., №1 оп., №12 д.
11. Кожалы уулу, Ж. (1996). *Тогуз-Тором жүрөк толгом*. Бишкек.
12. *Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары (Б.з.ч. II к. – XVII к. кытай булактарынан үзүндүлөр).* II т. (2003). Бишкек: КТМУ.
13. *Кыргыз санжырасы*. (1994). Жусупов К. (ред.). Бишкек: Ала-Тоо. 287 б.
14. *Кыйын кезеңдин арстандары: Тайлак баатыр жана анын уулу Осмон датка*. Сатыбалдиева Б. (түз.). (2013). Бишкек: Бийиктик.
15. *Материалы по обследованию туземного и русского старожильческого хозяйства и землепользования в Семиреченской области: Пржевальский уезд – Киргизское хозяйство.* (1916). Том VIII. Вып. 1. Румянцев П.П. и др. (сост.). Петроград.
16. Молдожунусов, К. (2024). Орусия империясынын тушунда Чүйдөгү солто уруусунун болуштуктарга бөлүнүшү (1868-1891-жж.). *ОшМУ Жарчысы*. №3. 71-84-б. https://doi.org/10.52754/16948610_2024_3_7
17. Мусулманкулов, М. (1947). Осмон баатыр. Бишкек: КРПУИА КФ. Инв.№163 (376).

18. Публикации по Семиреченской области и Кулджинскому району. (1874). №18. – Верный.
19. Публикации по Семиреченской области и Кулджинскому району. (1877). №11-14. Верный,
20. Публикации по Семиреченской области и Кулджинскому району. (1880). №65. Верный.
21. Публикации по Семиреченской области и Кулджинскому району. (1882). №42. Верный,.
22. Публикации по Семиреченской области. (1871). №47. Верный.
23. Сапаралиев, Д. (2004). “Система управления кыргызов в составе Российской империи (1855-1917 гг)”. *Manas Üniversitesi Sosyal Bilimler Dergisi*. № 6 (12). Стр. 9-15.
24. Семиреченские областные ведомости. (1885). №38. Верный.
25. Семиреченские областные ведомости. (1886). №25. Верный.
26. *Ханзу жазмаларындагы кыргыздар*. (2004). Мамбетакун М. (ред.). Үрүмчү.